**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**ОШ ШААРЫНЫН МЭРИЯСЫ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**МЭРИЯ ГОРОДА ОШ**

# ТОКТОМ ПОСТАНОВЛЕНИЕ

20____-жылдын "________" ___________, №_______

## Кыргыз Республикасынын Президентинин 2026-жылдын 3-сентябрындагы № 309 "Кезектеги V Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндө" Жарлыгын ишке ашыруу чаралары тууралуу

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2026-жылдын 3-сентябрындагы № 309 "Кезектеги V Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндө" Жарлыгын жана ага ылайык кабыл алынган Ош шаардык Кеңешинин 2026-жылдын 29-сентябрындагы № 176 "Ош шаарынын жергиликтүү коомдоштугунун жыйынын өткөрүү жөнүндө" токтомун аткаруу, ошондой эле Ош шаарынан Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоону уюштуруу максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясын, "Элдик Курултай жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамын, IV Элдик Курултайдын Улуттук Кеңеши тарабынан 2025-жылдын 25-декабрында кабыл алынган Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо тартиби жөнүндө жобону, Кезектеги V Элдик Курултайды өткөрүү, делегаттарды шайлоо жана координациялоо боюнча уюштуруу комитетинин 2026-жылдын 22-сентябрындагы № 1 протоколу менен бекитилген Кезектеги V Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоону уюштуруу жана өткөрүү боюнча негизги иш-чаралардын календардык планын, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 17, 18, 44, 45, 48-беренелерин, "Ош шаарынын статусу жөнүндө" Мыйзамынын 8, 18, 20, 21-беренелерин жетекчиликке алып, **токтом кылам:**

1. Ош шаарынын мэриясынын аппарат жетекчиси, уюштуруу-инспектордук иштер жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу бөлүмү, муниципалдык жана айылдык аймактык башкармалыктары төмөнкүлөрдү камсыздашсын:

- Кыргыз Республикасынын Президентинин 2026-жылдын 3-сентябрындагы № 309 "Кезектеги V Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндө" Жарлыгына, Ош шаардык Кеңешинин 2026-жылдын 29-сентябрындагы

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 007734*

№ 1215, 02.10.2026

Кол койгон: Акаев Ж.К.

№ 176 “Ош шаарынын жергиликтүү коомдоштугунун жыйынын өткөрүү жөнүндө” токтомуна, Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо тартиби жөнүндө жобого, ошондой эле Кезектеги V Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоону уюштуруу жана өткөрүү боюнча негизги иш-чаралардын календардык планына жана иш-чаралар планына ылайык Ош шаарынан Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоону уюштурууну жана өткөрүүнү;

- Ош шаардык Кеңешинин 2026-жылдын 29-сентябрындагы № 176 токтому менен бекитилген муниципалдык аймактарда жана Жапалак, Кызыл-Кыштак, Төлөйкөн айылдык аймактарында Ош шаарынын жергиликтүү коомдоштугунун жыйынына өкүлдөрдү шайлоо боюнча чогулуштарды өткөрүүнүн графигине ылайык жарандардын чогулуштарын өткөрүүнү уюштурууну;

- Ош шаарынын мэриясынын маалыматтык камсыздоо бөлүмү менен биргеликте Кезектеги V Элдик Курултайды өткөрүү жана ага делегаттарды шайлоо боюнча жарандарга маалымат берүү жана түшүндүрүү иштерин жалпыга маалымдоо каражаттары, Ош шаарынын мэриясынын расмий веб-сайты жана социалдык тармактар аркылуу жүргүзүүнү.

2. Ош шаарынын мэриясынын укук коргоо органдары менен өз ара аракеттенүү жана өзгөчө кырдаалдар бөлүмү Ош шаардык ички иштер башкармалыгы менен биргеликте Ош шаарында V Элдик Курултайга делегаттарды шайлоону уюштуруу жана өткөрүү мезгилинде коомдук тартипти жана коопсуздукту камсыз кылуу боюнча зарыл чараларды көрсүн.

3. Ош шаарынын мэринин биринчи орун басары, экономика жана финансы бөлүмү Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоону уюштурууга жана өткөрүүгө байланышкан финансылык маселелерди өз убагында чечүүнү камсыз кылышсын.

4. Ош шаарынын мэриясынын аппарат жетекчиси, уюштуруу-инспектордук иштер жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу бөлүмү Кыргыз Республикасынын Президентинин 2026-жылдын 3-сентябрындагы № 309 “Кезектеги V Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндө” Жарлыгынан жана Ош шаардык Кеңешинин 2026-жылдын 29-сентябрындагы № 176 “Ош шаарынын жергиликтүү коомдоштугунун жыйынын өткөрүү жөнүндө” токтомунан келип чыгуучу уюштуруу иш-чараларын белгиленген тартипте жүргүзүүнү камсыз кылышсын.

5. Бул токтом “Ош шамы” гезитине жарыялансын.

6. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Ош шаарынын мэринин биринчи орун басарына, Ош шаарынын мэриясынын аппарат жетекчисине жана уюштуруу-инспектордук иштер жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу бөлүмүнө жүктөлсүн.

**Мэр** **Ж.К. Акаев**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН



Кол койгон: Акаев Ж.К.